| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

# ТОКТОМ

**2026-жылдын 28-январы №1** **Боо-Терек айылы**

**Күмүштак айыл өкмөтүнүн 2025-жылына карата жыл ичиндеги аткарылган иштери жөнүндө**

Күмүштак айыл өкмөтү тарабынан 2025-жылдын 12-айына карата жасаган иштери боюнча отчетунун жыйынтыгы жөнүндө материалдарды карап чыгып, талкуулап Күмүштак айылдык кеңешинин XIII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Күмүштак айыл өкмөт башчысынын 2025-жылдын 12-айынын жыйынтыгына карата жасаган иштери боюнча отчету канааттандырарлык деп белгиленсин.
2. Бул токтомдун аткарылышынын көзөмөлдөө жагы Күмүштак айылдык кеңешинин II чакырылышындагы депутаттарына калтырылсын.

**Төрага** **Б.Акматов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
КҮМҮШТАК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КУМУШТАКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ

**2026-жылдын 28-январы №2** **Боо-Терек айылы**

**Күмүштак айыл аймагына чакан гидроэлектростанция курууга жана жер аянтынын багытын которууга макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин "Энергиянын кайра жаралуучу булактарын пайдалануу үчүн багытталган жерлерди берүү маселелери жөнүндө" №62 Жарлыгынын 1-пунктун жетекчиликке алып, ошондой эле айылдык кеңештин депутаттарынын жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп жана талкуулап Күмүштак айылдык кеңешинин депутаттарынын XIII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Күмүштак айыл аймагынын Боо-Терек айылында жайгашкан №52 (0,2га), №54 (0,4 га), №1 квартал 11 ГЛФ (0,35 га), №2 квартал 11 ГЛФ (0,35 га), №17 (0,1 га), №72 (0,1 га), №73 (0,28 га), №74 (0,44 га), №69 (0,1 га), №78 (0,05 га), №84 (0,70 га), №86 (0,40 га), №1 квартал 11 (0,9 га), №1 квартал 12 (5,8 га), №2 квартал 12 (0,1 га), №3 квартал 12 (0,1 га) контурлардагы жалпы аянты 10,37 гектар жер аянтын айыл чарба багытындагы жерлердин жайыт түрүнөн өнөр жайынын транспорт, байланыш, энергетиканын коргонуунун жерлери жана башка багытындагы жерлер категориясына которууга макулдук берилсин.

2. Аталган 10,37 гектар жер аянтына Росатом корпорациясынын "Энерджи Солюшнс Кыргызстан" жоопкерчилиги чектелген коому тарабынан чакан гидроэлектростанциясын курууга уруксат берилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы Ч.Жекшеналы уулуна жүктөлсүн.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин депутаттарынын жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Акматов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

# ТОКТОМ

**2026-жылдын 28-январы №3** **Боо-Терек айылы**

**Боо-Терек айылындагы Турсуналы көчөсүнүн №2а жайгашкан 90,0 чарчы метр муниципалдык жер аянты байланыш бөлүмүн куруу үчүн бөлүнүп берилип, баланстан балансқа өткөрүү жөнүндө**

Боо-Терек айыл өкмөтүнүн административдик имаратында жайгашкан байланыш бөлүмүн бузууга уруксат берилгендигине байланыштуу, Кыргыз Республикасынын почта байланышы жөнүндө Мыйзамынын 21-, 22-беренелерин жетекчиликке алып жана Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысынын сунушун угуп, талкуулап Күмүштак айылдык кеңешинин XIII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Боо-Терек айылындагы Б.Сатыбеков атындагы орто мектебинин түштүк батыш тарабындагы Турсуналы көчөсүнүн №2а жайгашкан 6-02-02-1001-2014 кодировкасындагы 90,0 чарчы метр муниципалдык жер аянты байланыш бөлүмүн куруу үчүн бөлүнүп берилсин.

2. Аталган жер аянты "Кыргыз почтасы" ААКнын Талас райондук филиалынын балансына өткөрүлүп берилсин.

3. Тиешелүү иш кагаздарын бүткөрүү жагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы Ч.Жекшеналы уулуна жүктөлсүн.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Төрага** **Б.Акматов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

# ТОКТОМ

**2026-жылдын 28-январы №4** **Боо-Терек айылы**

**Күмүштак айыл аймагынын Боо-Терек айылынын Дрен-2 көчөсүнүн атын өзгөртүү жөнүндө**

Боо-Терек айылынын **Дрен-2** көчөсүнүн атын өзгөртүү боюнча Боо-Терек айылынын тургуну Ы. Сулумбек уулунун арызын карап чыгып талкуулап, көчөнүн жер тилкелеринин ээлеринин макулдугун эске алып жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 19-августундагы №467-токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасындагы географиялык объекттерди атоо, алардын аталышын өзгөртүү, географиялык аталыштарды эсепке алуу жана каттоодон өткөрүү тартиби жөнүндө Жобосунун" 2-пунктуна ылайык, Күмүштак айылдык кеңешинин депутаттарынын XIII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Күмүштак айыл аймагынын Боо-Терек айылындагы Дрен-2 көчөсү "Эшалиев Болотбек атындагы көчө" деп өзгөртүлсүн.

2. Көчөнүн атын өзгөртүү боюнча тиешелүү мамлекеттик органдарга каттоодон өткөрүү боюнча иш аракеттерин жүргүзүү жагы айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин депутаттарынын жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Акматов**